ГОСУДАРСТВЕННОЕ АГЕНТСТВО ПО ДЕЛАМ МЕСТНОГО САМОУПРАВЛЕНИЯ И МЕЖЭТНИЧЕСКИХ ОТНОШЕНИЙ

Schweizerische Eidgenossenschaft
Confédération suisse
Confederazione Svizzera
Confederaziun svizra

Swiss Agency for Development and Cooperation SDC

ӨНУКТҮРҮҮ САЯСАТ ИНСТИТУТУ
ИНСТИТУТ ПОЛИТИКИ РАЗВИТИЯ
DEVELOPMENT POLICY INSTITUTE

**Жергиликтүү өз алдынча башкаруу иштери жана этностор аралык мамилелер боюнча мамлекеттик агенттиги**
720040, Бишкек ш., Киев көчөсү, 96 Б. Тел. (0312) 664 656, факс: 622 543, э-почта: gamsumo-kr@mail.ru, веб-сайт: www.gamsumo.gov.kg

**"Элдин үнү жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын жоопкерчилиги: бюджеттик процесс" Долбоору**
720001, Бишкек ш., Үмөталиев көч., 108. Тел. (0312) 97-65-30 (31, 32), факс: 97-65-29, э-почта: office@dpi.kg, веб-сайт: www.vap.kg

*14-ноябрь 2019-жыл*
*Бишкек, Кыргызстан*

**ПРЕСС-РЕЛИЗ**

# ЖЕРГИЛИКТҮҮ ӨЗ АЛДЫНЧА БАШКАРУУ ОРГАНДАРЫНЫН БУЗУУЛАР ЖӨНҮНДӨ ИШТЕРДИ КАРОО БОЮНЧА КОМИССИЯЛАРЫ КАНДАЙ ИШ АЛЫП БАРЫШАТ?

***Нарын, Ош жана Чүй облустарынын жыйырма жети муниципалитетинин башчылары жана Бузуулар жөнүндө иштерди кароо боюнча комиссияларынын төрагалары Чүй облусунун Аламүдүн районуна караштуу Ленин айылдык аймагындагы кесиптештеринин тажрыйбасы менен жеринен барып таанышышат. Иш-чара 2019-жылдын 14-ноябрында өтөт.***

Тажрыйба алмашуу сапары Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнө караштуу Жергиликтүү өз алдынча башкаруу иштери жана этностор аралык мамилелер боюнча мамлекеттик агенттик (мындан ары – ЖӨБЭММА) тарабынан Кыргызстанда 2011-жылдан тарта аткарылып келе жаткан Швейцариянын Өнүктүрүү жана Кызматташтык агенттиги (SDC) аркылуу Швейцария Өкмөтү каржылап, Өнүктүрүү саясат институту аткарган "Элдин үнү жана ЖӨБ органдарынын жоопкерчилиги: бюджеттик процесс" Долбоорунун алкагында өткөрүлөт[1].

*«Жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын (ЖӨБО) арасында уюштурулган бул иш-чара Бузуулар жөнүндө иштерди кароо боюнча комиссиялардын жана бузуулар жөнүндө протоколдорду түзүүгө ыйгарым укуктуу адамдардын ишин уюштуруу маселеси, функциялары жана укук колдонулуучу практикасы боюнча тажрыйба алмашуу сапарынын катышуучуларынын потенциалын күчөтүү максатында өткөрүлүүдө. Иш сапардын жүрүшүндө катышуучулар Аламүдүн районунун Ленин айыл өкмөтүнө жана Бишкек шаардык мэриясынын Ленин административдик району боюнча муниципалдык администрациясына барып, аталган Комиссиядардын ишин уюштуруу жана ал үчүн шарттарды түзүү маселелери боюнча маалымат алышат, анткени үйрөнгөн тажрыйбаны ар кимиси өз муниципалитеттерине кайтканда иш жүзүнө ашыруу – тажрыйба алмашуу сапарынын эң негизги максаты»* - деди **Бекболот БЕКИЕВ**, "Элдин үнү жана ЖӨБ органдарынын жоопкерчилиги: бюджеттик процесс" Долбоорунун жетекчиси.

**ЖМК үчүн байланыш маалымат:** Нургүл Жаманкулова, Долбоордун коомдук байланыш боюнча адиси: 0555 / 0500 313385, 0770 771711, njamankulova@dpi.kg

---

[1] Долбоор ЖӨБ органдарынын жергиликтүү бюджеттин каражатын башкарууда ачыктыгын жана эффективдүүлүгүн жогорулатуу, калкты жергиликтүү деңгээлде бюджеттик процесске тартууга көмөктөшүү, калк менен жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары ортосунда диалог курууга жардам берүү жана ЖӨБ органдары чечим кабыл алып жатканда калктын муктаждыктарын эске алгыдай шарт түзүү максатын көздөйт. Долбоорду ишке ашыруунун алкагында бардык муниципалитеттер үчүн түрдүү тренингдер өткөрүлөт, Кыргыз Республикасынын мыйзамдарындагы талаптарга ылайык жарандардын ЖӨБгө катышуусун камсыз кылуунун жаңы усулдарын колдонуу боюнча консультациялар берилет, ошондой эле тажрыйба алмашуу боюнча иш-чаралар өткөрүлөт. Толук маалымат: www.vap.kg

| УБАКТЫСЫ | ИШ-ЧАРАЛАР | ЖООПТУУЛАР |
|---|---|---|
| 08:40 – 09:00 | Ленин айылдык аймагына (Аламүдүн району) жол | |
| **Ленин АА, "Дөөлөт" маданий-бош убакыт өткөрүү жана үй-бүлөлөргө, балдарга жардам берүү борбору** | | |
| 09:00 – 09:30 | Катышуучулар каттоодон өтүшөт. Чай тыным. | |
| 09:30 – 09.50 | Тажрыйба алмашуу боюнча иш-чаранын ачылышы: Саламдашуу, тажрыйба алмашуунун максаттары жана тапшырмалары тууралуу маалымат берилет | ***Байдылдаев Мурат,*** *ЖӨБЭММА директорунун орун басары,* ***Бекиев Бекболот,*** *Долбоордун жетекчиси,* ***Шевченко Антон,*** *Ленин ААнын айылдык кеңешинин төрагасы* |
| 09:50 – 10:20 | Бузуулар жөнүндө ишти карoo боюнча Ленин АӨнүн жана бузуулар жөнүндө протоколду түзүүгө ыйгарым укуктуу адамдардын иш тажрыйбасы менен таанышуу. Суроолор – жооптор. | ***Бекова Кайыркуль,*** *Ленин ААнын АӨ башчысы* |
| 10:20 – 10:40 | Ленин ААнын Комиссиясынын бузуулар жөнүндө протоколдорду жол-жоболоштуруп, Бузуулардын бирдиктүү реестрине (ББР) киргизүү боюнча иши тууралуу презентация Суроолор – жооптор. | ***Надырова Тахмина,*** *Ленин ААнын бузуулар жөнүндө Комиссиясынын оператор-катчысы* |
| 10:40 – 12:00 | Бузуулар жөнүндө иштерди карoo боюнча Комиссиянын иши тууралуу ИИМдин өкүлүнүн презентациясы. Суроолор – жооптор. | ***Адамкулов Шумкарбек,*** *КР ИИМ МТББ инспектору, милициянын майору* |
| 12:00 – 12:20 | Жалпы талкуу. Суроолор – жооптор. | ***Бекиев Бекболот,*** *Долбоордун жетекчиси* |
| 12:20 – 12:50 | Тажрыйба алмашуу сапарынын катышуучулары Бишкек шаарына жол тартышат | |
| *12:50 – 13:40* | *"Нават" кафесинде түштөнүү, Бишкек шаары* | |
| 13:40 – 13:55 | Катышуучулар Бишкек шаардык мэриясынын Ленин администрациялык району боюнча муниципалдык администрациясына жол тартышат | |
| **Бишкек ш. мэриясынын Ленин администрациялык району боюнча муниципалдык администрациясы** | | |
| 14:00 – 14:10 | Саламдашуу, иш-чаранын максаттары жана тапшырмалары тууралуу маалымат берилет. | ***Табылдиев Чынгыз,*** *Бишкек ш. мэриясынын Ленин администрациялык району боюнча муниципалдык администрациясынын Аппарат жетекчиси* |
| 14.10 – 14.25 | Бишкек шаары боюнча бузуулар жөнүндө иштерди карoo боюнча жалпы маалымат берилет. | ***Сарбагышев Э.Т.*** *Бишкек ш. мэриясынын ЖӨБ боюнча бөлүм башчысы* |
| 14.25 – 14.35 | Суроолор жана жооптор | |
| 14:35 – 15:00 | Ленин администрациялык районунда бузуулар жөнүндө иштерди карoo боюнча администрациялык комиссиянын иш тажрыйбасы. | ***Жапаралиев Турдубек,*** *Ленин администрациялык районунун адиси* |
| 15:00 – 15:25 | Бишкек шаардык мэриясынын бузуулар жөнүндө иштерди карoo боюнча санитардык-экологиялык инспекциясынын (мындан ары – СЭИ) тажрыйбасы | ***Чойбеков Керимбай*** *(макулдашуу боюнча), Бишкек шаардык мэриясынын СЭИ жетекчиси* |
| 15:25 – 15:50 | Бузуулар жөнүндө иштерди карoo боюнча муниципалдык аймактык башкармалыктын иш тажрыйбасы | ***Турсунов Марат,*** *Бишкек шаардык мэриясынын №2 муниципалдык аймактык башкармалыгынын жетекчиси* |
| 15:50- 16:30 | Тажрыйба алмашуу сапарын жыйынтыктоо. Тыянактар Суроолор-жооптор, пикир алмашуу. | ***Бекиев Бекболот,*** *Долбоордун жетекчиси* |
| 16:30- 17:00 | Чай тыным | |